| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ**<br><br>**ШАЙЫБЕК АТА**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН**<br><br>**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**<br>**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**<br>**ШАЙЫБЕК АТА** |

**Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин кезектеги IV-сессиясы**

**Токтом №54**

**27.01.2025-жыл** **Чон-Сары-Ой айылы**

**Жер тилкесин трансформациялоого макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 мыйзамынын 34-беренесин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Республикалык топурак-агрохимиялык станциясынын 24.11.2023-жылдагы 01-3/1061 корутундусу, Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин кыргыз геология кызматынын 30.11.2023-жылдагы №03-7/5384 каты, Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин 29.12.2023-жылдагы №64-3/1483 каты, Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясынын 08.01.2024-жылдагы тескемеси, Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министрлигинин Ысык-Көл райондук ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун 19.06.2024-жылдагы каты, Чок-Тал айылында жайгашкан №1155 контурунда 0,60 га өсүмдүүлүгү төмөн асылдуулугу төмөн болгон жайыт жер тилкесин айыл чарба жерлеринен мамлекеттик фондуна киргизүү жөнүндө макулдашуу баракчасын (жер тилкесинин планы), 23.12.2024-жылдагы Чок-Тал айылында жайгашкан №1155 контурунда 0,60 га өсүмдүүлүгү төмөн асылдуулугу төмөн болгон жайытты (Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2023-жылдын 21-январындагы №26 токтомуна ылайык) алма-бакка которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө актыны жетекчиликке алып, Шайыбек ата айыл аймагынын инвестициялык-экономикалык көрсөткүчтөрүн артыруу жана жерлерди эффективдүү пайдалануу максатында карап, талкуулап чыгып Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кешеши **токтом кылат:**

1. Чок-Тал айылында жайгашкан №1155 контурунда 0,60 га өсүмдүүлүгү төмөн асылдуулугу төмөн болгон жайыт жер тилкесин алма-бакка которууга макулдук берилсин.

2. Чок-Тал айылында жайгашкан №1155 контурунда 0,60 га өсүмдүүлүгү жана асылдуулугу төмөн болгон жайыт жер тилкесин алма-бакка которуу жагы Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын

3.Токтомдун аткарылышы Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы У.Абдырахмановко жана айыл өкмөтүнүн юристи Ж.Жанузаковго милдеттендирилсин.

4.Токтомду каттоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн облустук Юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кенештин "Жер агрардык реформа кайра иштетүү өнөр-жай, курулуш, байланыш, транспорт, отун-энергетика боюнча" туруктуу комиссия курамына тапшырылсын.

**Төрага** **Т.Туйгунов**

*Г.Ормукова:*

*Жиберилди: иш кагазына-1, айыл Өкмөтү-1, М.Мусаев-1,, мин юст баш-2.*